# Үч тараптуу келишим

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
ШАЙДАН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
№ 35 Ш. СҮЙӨРКУЛОВ
АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
НООКЕН РАЙОНУ
№ 35 Ш. СҮЙӨРКУЛОВ
АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН
КЕСИПТИК УЮМУ

# БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕРИН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫН ЧЕЧҮҮ МАКСАТЫНДА 2021 – 2024-ЖЫЛДАР ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН МАКУЛДАШУУСУ

Шайдан айыл аймагы
13.10.2021-жыл

## КЕЛИШИМ.

15.09.2021-жыл

Шайдан айылы

Биз төмөндөгү үч тараптуу келишим түзүүчүлөр: биринчи тараптан мектептин директору Прапиев И., экинчи тараптан кесиптик уюмунун төрайымы Р.Ажиматова, үчүнчү тараптан Шайдан айылынын өкмөтүнүн башчысы К.Еркулов.

## КЕЛИШИМДИН МАКСАТЫ:

Мектеп базасын чыңдоо жана сактоо боюнча иш чараларды уюштуруу.
Мектеп кызматкерлерине эмгек шарттарынын коопсуздугун түзүү.

## ДИРЕКТОР МИЛДЕТТЕНЕТ:

**болгон учурда мугалимдерди жана окуучуларды(Бишкек шаарынан башка)**

1. Кээ бир мугалимдер ооруганда ден соолугуна жана турмуш шартына байланыштуу акы төлөбөгөн отпуска берүү менен кайрылган мугалимдердин талаптарын калыптандыруу.
2. Мектептин педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу жана жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн ишке тартуу.
3. Мектепти кышка даярдоо үчүн төмөндөгүдөй жумуштарды аткаруу:
   а) терезелерди жылытуу
   б) эшиктерди тыгыз жаптыруу
4. Кат жүзүүндө кайрылуусуз кызматкерлерге акы төлөбөгөн эмгек отпуска бербөө.Мугалимдердин ишине мүнөздүү болбогон иштөөгө тартпоо
5. Баланы тарбиялоого жардам берүү үчүн ата энелер менен аңгемелешүүлөрдү өткөрөт.
6. Керек олимпиадаларга,сынактарга,өздүк көркөм чыгармачылыкка театрга, медициналык кароого уюштурууда транспорт менен камсыз кылат.

7.Коомдук иштерге мектеп кызматкерлеринин активдүү катышууларын камсыз кылат.

8.Айылдыашылдандырууга көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү.

9.Мектепти айылдын борборуна айландыруу.

а) Мектепте айыл калкы үчүн лекциялар,кружоктор уюштуруу
б) Улуу Манастын осуяттарын үйрөтүү

10.Мугалимди өз убагында тарификациядан өткөзүү,ар кандай кошумча каралган эмгек китепчесин туура толтуруу.

11.Пенсионерлердин үй турмуштарына жардам берүү,майрамдарда кабар алуу

12.Мугалимдерге жана мектептин башка кызматкерлерине иштеш үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү

13.Мугалимдер иштерине жараша акы төлөө,эң жакшы иштеген мугалимдердин категориясын жогорулатуу,жаман иштеген мугалимдин категориясын төмөндөтүү.

14. “Жыл мугалими”, “Эң мыкты класс жетекчи”, “Мыкты кабинет” конкурсуна катышуучуларды сыйлоо.

**Профком милдеттенет**

1.Эмгекти уюштурууну жакшыртууну жана өндүрүштүк натыйжалуулугун жогорулатуу.

2.Эмгектик келишимдерди түзүү жана бузуу жөнүндө

3.Ички эмгек эрежесин жана эмгек тартибин жөнгө салуу

4.Жумуш убактысын жана дем алуусун кароо

5.Санаторий,курортторго дем алуусун уюштуруу

6.Эмгектик чыр чатактарды,иш таштоолорду,иштеген массалык бошотууларды болтурбай калуу үчүн шарттарды түзүү.

7.Жамааттык келишимди аткарылбагандыгы үчүн талаптарды жоопкер тартуу.

Мугалимдерди жашоо шартына көз салуу.

8.Бардык даталуу күндөрдү белгилеп,дубал газаеталарын өз убагында чыгышын контролдоо.

9.Пенсионерлердин үй жумуштарына жардам берүү,майрамдарда сыйлоо

10.Мугалимдер жана мектепте башка кызматкерлер үчүн иштөөгө шараттарды түзүү

11.Кызматкерлердин эмгек шарттарын жакшыртуу,маданий турмуш шартын жана экономикалык социалдык суроолорун чечүү үчүн иш чара коюу.

**Үчүнчү тарап Шайдан айыл аймагынын айыл өкмөтү милдеттенет:**

Шайдан айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы.Еркулов К.

1.Балдардын билим алуусуна шарт түзүп берүү максатында мектептин имаратын жер аянттары менен бирге акысыз пайдалануу үчүн мектеп директоруна өткөрүп берет.

2.Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн күндөлүк муктаждыгын камсыз кылуу максатында кам көрөт жана камсыздандыруусуна жардам берет

3.Кыш мезгилинде жылытуу системасын үзгүлтүксүз иштеши үчүн

а) ЭПЗ-100 жаңылап,оңдоп берүү.

4.Чарбалык иштерге акча бөлүп берүү:

а) бор,пол жуучу тряпка,айна,самын,челек алып берүү.

5.Мугалимдерге фонддун эсебинен арендага жер берүү(жылына 2 мугалимге)

6.Мугалимдердин майрамына,Жаңы жыл,Нооруз майрамдарына акча бөлүп берүү.

7.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү максатында окууга барган мугалимдерге (жылына 2-мугалимге жол акысын төлөп берүү)

8.Мугалимдердин жайкы эс алуусуна көмөк көрсөтүү.

9.Окуучулардын Жаңы жыл Арча майрамына акча каражат бөлүп берүү.

10.Үйү жок мугалимдерге жана жаш мугалимдерге үй салуу үчүн Кыргыз Республикасынын мугалимдин статусу жөнүндөгү мыйзамынын 7-березенин негизинде участка менен камсыз кылууга көмөктөшүү.

11.Жыл сайын мектепте ремонттоо үчүн белгилүү өлчөмдө бөлүп берүүнү камсыз кылуу.

12.Тоголок,жарым жетим үй шарты начар балдарга материалдык жактан көмөк көрсөтөт.

13.Мектептин айланасын архитектуралык талаптарга ылайык жашылдандырууга,көрктөндүрүүгө көмөктөшөт.

14.Мектеп Эл аралык уюмдар менен иштесе,проект өткөрүүдө 50% каражатын төлөп берет.

15.1-4класстардын окуучуларынын тамактануусуна шарт түзүү үчүн керектүү идиш аяктарды жана тиешелүү эмеректерди алууга жардам берет.

Келишим 2021-жылдын 15-сентябрынан 2024-жылдын 15-сентябрына чейин эсептелинет.

Күчүнө кирген жана жогрудагы белгиленген мөөнөттө 2021-жылдын 15.09-2024-жылдын 15.09на чейин өз күчүндө болот.

Келишимди түзүүчүлөр ушул жогоруда айтылган иш чараларды текшерип,аны иш жүзүнө ашуусун карайт.

Үч тарап эч кандай келишимдегеи милдеттерди аткаруудан баш тартпайт.

| | | |
|---|---|---|
| №35 Ш.Суеркулов | №35Ш.Суеркулов а.о.м | Шайдан айыл өкмөтүнүн |
| Мектеп директору | Кесиптик уюмунун төрайымы: | башчысы: |
| И.Парпиев. | Р.Ажиматова | Еркулов К. |

# Э М Г Е К  К Е Л И Ш И М И

**№35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектеби**

*Шайдан айылы* «_1_» _09_ 2022-ж

Келишим түзүүчүлөр:

**Биринчи тарап:** №35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин администрациясы (директор Парпиев Илязбек Кубанычбекович, профком Ажиматова Райхан Азимовна)

**Экинчи тарап:** _химия предметинин_ мугалими
_Уметов Уланбек Мамашович_
Паспорт № _AN 4598145_ төмөндөгүдөй келишимди түзөбүз.

**Келишимдин максаты:**

Алдыңкы, мыкты, тажрыйбалуу педагогикалык кадрлар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөргө Кыргыз еспубликасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык, сапаттуу билим-тарбия берүү менен келечекте коомго өз салымын кошуучу күчтүү, билимдүү бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

Мугалимдер Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мугалимдин статусу жөнүндөгү» Мыйзамдарынын жана «Эмгек» Кодексинин негизинде иштөөнү камсыз кылуу.

**Келишимдин мөөнөтү:**

Бул эмгек келишими бир окуу жылдык мөөнөткө түзүлөт. (2022-жылдын 1-сентябрынан, 2023-жылдын 1-июлуна чейин).

**Тараптардын милдеттери:**

**Биринчи тарап милдеттенет:**

1. Мугалимдерге жумалык жүктөмү 9 сааттан кем эмес иш орду менен камсыз кылат.
2. Эмгек акыларын убагында мыйзамда көрсөтүлгөн тарифте төлөнүшүн көзөмөлдөйт.
3. Мугалимдер үчүн эс алууларды уюштурат.
4. Сабак өтүүгө болгон шарттарды түзөт.
5. Алдыңкы мугалимдерди сыйлоону уюштурат.
6. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык мугалимдердин укугун коргойт.

**Экинчи тарап милдеттенет:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мамлекеттик символдорду билүүгө жана урматтоого.
2. Мугалимдин абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен педагогтук этиканын ченемдерин сактоого.
3. Мектептин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого.
4. Окуучуларга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим-тарбия берүүгө.
5. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» жана «Мугалимдердин статусу жөнүндөгү» Мыйзамдарындагы талаптарды так аткарууга.
6. Кыргыз Республикасынын «Эмгек» Кодексинин негизинде эмгек тартибин сактоого.
7. Коомдук иштерге, дежур болууга, ар кандай сынактарга жана мектепте өткөрүлгөн иш чараларга активтүү катышууга.
8. Ата-энелер жана коомчулук менен жогорку деңгээлде иш алып барууга.
9. Окуучулар арасында өткөрүлгөн конкурс, олимпиада, ЖРТ жана башка иш чараларга окуучуларды мыкты денгээлде даярдоого жана ийгиликке жетишүүгө.
10. Көргөзмөлүү ачык сабактарды уюштурууга жана өткөрүүгө. (1 чейректе 1 сабактан кем эмес)
11. Окуу кабинеттеги эмеректерди жана башка мектептин мүлкүн сактоо үчүн көзөмөл жүргүзүүгө жана сапаттуу сактоону уюштурууга.
12. Өз билимин өркүндөтүү үстүндө үзгүлтүксүз иш алып барууга.
13. Мектеп ичинде, райогно жана областка иш тажрыйбасын жайылтууга.
14. Медициналык кароодон өтүп, уруксат кагазы менен иштөөгө.
15. Өзүнөн жаштарга, кесиптештерге, окуучуларга карата күч жана моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого.

**Тараптардын укуктары**

**Биринчи тарап укуктуу:**

1. Мугалимдердин сабак өтүү методикасы менен таанышуу жана методикалык жардам көрсөтүү максатында сабактарга катышуу.
2. Мугалимдердин билим деңгээлин текшерүү үчүн тест жүргүзүүгө.
3. Мугалимдерди мектептин кызыкчылыгы үчүн ар кандай коомдук иштерге дайындоого.
4. Мугалимдерге тиешелүү бардык документациясын көзөмөлдөө максатында текшерүүгө.

**Экинчи тарап укуктуу:**

1. Мугалимдер үчүн уюштурулган семинар, окуу курстары жана методикалык иш чараларга катышууга.
2. Алдыңкы педагогикалык иштери үчүн, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн жана өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн «Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы», орден, «Агартуу отиличниги» медалдар жана башка кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланууга.
3. «Эмгек» кодексинде көрсөтүлгөн тартипте, администрация уюштурган эс алууларда эс алууга.
4. Тажрыйба алмашуу максатында башка мугалимдердин сабактарына катышууга.
5. Кошумча курстарды ачып, окуучуларды окутууга. (Ата-энелер менен келишип, мыйзам чегинде акы төлөнүүчү курстарды ачууга).
6. Иштеген саатына жараша мыйзамда көрсөтүлгөн тарифке ылайык эмгек акы алууга.
7. Окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын, пикирлерин айтууга.
8. Мектептин башкаруу органдарынын мүчөлүгүнө жана жетекчиликке шайланууга жана шайлоого.
9. Өз аброюн жана кесиптик баркын коргоого.

**Эмгек келишимин токтотуу:**

1. КР Эмгек кодексинин 81-беренесинин негизинде эмгек келишими анын мөөнөтү бүткөндөн кийин токтотулат.
2. Кызматкердин демилгеси .КР ЭКнин 82-беренеси менен эки тараптын макулдугу менен.
3. Кызматкерлердин медициналык кортундуга ылайык ден соолугуна байланыштуу учурда.
4. Аттестациянын натыйжасында тастыкталган квалификацияга жетпей калганда.
5. Кызматкерлер эмгек милдеттерин төмөнкүдөй бузса (КР ЭКнин 83-беренеси):
    - Ишке келбесе (жүйөлүү себептерсиз жумуш күнүнүн аралыгында 3 сааттан ашуун катары менен иште жок болсо)
    - Иште алкоголдук, баңги же ууландыруучу уулуу заттарга мас абалында келсе. (мындай абал күбөлөрдүн көрсөтмөсү же 3 адамдан кем эмес адам катышып түзүлгөн актынын негизинде)
    - Жамаатты бөлүндүрсө, ынтымакты кетирүүчү кадамдарга барса.
    - Мектептик, кызматтык, мамлекеттик жана башка сырларды ачыкка чыгарып жиберсе.
    - Тарбиялоо иш милдетине туура келбеген моралга жат иштерди жасаса жана туура эмес диний агымдарга үгүттөө жүргүзсө.
    - Атайын жалган маалыматтарды берсе.
    - Эмгек тартибин сактабаса жана эмгек келишиминде көрсөтүлгөн талаптарды аткарбаса.
    - Мугалимдик ишине кайдыгер мамиле жасап, 2 жолу эскертүү алса.
    - Берилген тапшырмаларды убагында, так аткара албаса.
6. Жогорудагыдай кырдаал аныкталса эмгек келишими мөөнөтүнөн мурда токтойт.

**Бул эмгек келишими 2 (эки) нускада түзүлүп, экөө тең бирдей юридикалык күчкө ээ.**
**Бул келишим 2022-жылдын 1-сентябрынан күчүнө кирип, 2023-жылдын 1-июлунда күчүн жоготот.**
**Эмгек келишимине эки тараптын макулдугу менен өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот.**

**Биринчи тарап:**
№35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин директору:
И.К.Парпиев

**Экинчи тарап:**
№35 Ш.Сүйөркулов атындагы орто мектебинин мугалими:
У. Хасанов